**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

2023-жылдын 28-июлунан №140 Бишкек шаары

## «Кыргызнефтегаз» ААКтан берилип жаткан жаратылыш газына тарифтер жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 8-декабрындагы № 5 буйругу менен бекитилген жаратылыш газына тарифтерди түзүүнүн өздүк наркын аныктоо методикасына ылайык, «Кыргызнефтегаз» ААКтын 2023-жылдын 3-июнундагы № РА – 640 кайрылуусун эске алуу менен жана отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2023-жылдын 28-июлундагы № 06/23 протоколун эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. 2023-жылдын 1-августунан тартып «Кыргызнефтегаз» ААКдан берилип жаткан жаратылыш газына тарифтер төмөнкүдөй өлчөмдөрдө белгиленсин:

- калк үчүн 1000 м3 үчүн 7 565,00 сом өлчөмүндө (салыктарды эске албаганда);

- өнөр жай ишканалары, бюджеттик уюмдар, коммерциялык түзүмдөр жана башка керектөөчүлөр үчүн 1000 м3 га 9 667,18 сом өлчөмүндө (салыктарды эске албаганда).

2. «Кыргызнефтегаз» ААКтын жаратылыш газы жаатындагы пландык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү базалык жылга ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитсин.

3. «Кыргызнефтегаз» ААК 2023-жылдын 1-августунан баштап акыркы керектөөчүлөргө жаратылыш газын берүүдө ушул буйруктун 1-пунктунда белгиленген тарифтерди колдонсун.

4. 2023-жылдын 1-августунан тартып Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменттин 2022-жылдын 1-августундагы № 139

«Кыргызнефтегаз» ААКтан берилип жаткан жаратылыш газына коюлган тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун - энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке жаратылыш газына тарифтерди белгилөө үчүн берилген маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Кыргызнефтегаз» ААКтын жетекчилигине жүктөлсүн.

6. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы:

- ушул буйрукту «Кыргызнефтегаз» ААКтын дарегине жөнөтсүн;

- жалпыга тааныштыруу үчүн ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**